УДК:373.2(575.2)

Асаналиева Мээргүл Максуталиевна, аспирант
E-mail: meerim.92.09@mail.ru
Ош мамлекеттик университети

РУХАНИЙ МАДАНИЯТ

ДУХОВНАЯ КУЛЬТУРА

SPIRITUAL CULTURE

***Аннотация**: Макалада руханий жактан тарбиялоодогу негизги милдет болуп алардын руханий аң-сезимин өнүктүрүү жана анын натыйжасында үлгүлүү жүрүм-турумга ээ кылууга жетишүү болуп саналары баяндалат.*

***Аннотация**: В статье отмечается, что одной из важных задач нравственного воспитания является развитие нравственного сознания у обучаемых, в том числе достижение образцового поведения.*

***Abstract:** The article notes that one of the important tasks of moral education is the development of moral consciousness among trainees and on this basis the achievement of exemplary behavior.*

***Түйүндү сөздөр:** руханий аң-сезим, руханий тарбия берүү, руханий аң-сезимдин өнүгүшү, руханий аң-сезимди калыптандыруу, оозеки чыгармалар, жоопкерчилик.*

***Ключевые слова:** нравственное сознание, развитие нравственного сознания, нравственное воспитание, создание духовного поведения, устные произведения, ответственность.*

***Key words:** moral consciousness, development of moral consciousness, moral upbringing, creating spiritual behavior, oral works, a responsibility.*

Руханий маданият - адамдардын жамааттык аң-сезими, туюп-билүүсү, кабыл алуусу, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишеними ж.б. тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк ыкмалардын жалпы системасынын жыйындысы [**6.25].**

Эгерде материалдык өндүрүштүн натыйжасы – материалдык байлыктар, мүлктөр болсо, рухий өндүрүштүкү – рухий байлыктар, идеялардын дүйнөсү. Эгерде материалдык өндүрүш тикелей пайда тийгизчү, колдонмо баалуулуктарды жаратууга багытталса, рухий өндүрүш – билим дүйнөсүн өндүрүүгө багытталат. Рухий өндүрүштүн куралы болуп, тигил же бул ой жүгүртүү формалары кызмат аткарат да, аларга жардамчы иретинде тийиштүү материалдык каражаттар да пайдаланылат **[14.20].**

Байыртан берки кыргыз тарыхын изилдеп көрсөк, элибиз кайсы доордо кандай материалдык жана рухий маданиятка жетише алганын же кабарсыз калганын азыр ачык көрө алабыз. Биздин бабаларыбыздын байыртан берки түзгөн, укумдан-тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастары бар. Алар кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык, ырлар, дастандар, эпостор, накыл сөздөр, акылмандык, бай санжыра, дин ырасымы, сырдуу эпиграфика, таштагы руна керээз жазуулар, ар кандай балбалдар, эзелки шаар калдыктары, аземдүү архитектура, куттуу боз үй, кооз күмбөздөр, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү, көчөттүү оюулар, залкар күүлөр жана башкалар. Бул - элибиздин накта тарыхы, дүйнөгө ызааты, көз карашы жана элибиздин нарктуу руханий бай маданияты.

Дал ошол руханий азыктын молдугунан, кебелбес кенендигинен кыргыз эли далай тарыхый, тагдыр чечүүчү сыноолордон татыктуу басып өтүп, XXI кылымга жеткендиги – эч ким тана алгыс факт. Далай элдер элдигинен, мамлекеттүүлүгүнөн биротоло ажырап, айрымдары өз тарыхын, тилин дилин билбеген, адам кебетесиндеги, эки буттуу маңкурттарга эбак эле айлана баштаганы маалым.

“Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому”,- деп бекеринен И.П.Подласый айтпаса керек [28].

Кыргыз элинин руханий жана жалпы эле маданиятынын басымдуу бөлүгүн элдик оозеки чыгармачылык түзөрүн орто кылымдардан бери европалык чыгышпоздор баса белгилеп келген. Муундан-муунга, укумдан-тукумга сөзсүз берилүүчү оозеки

чыгармалардын, түрдүү маалыматтардын, таалим-тарбиянын, элдик илим-билим, адаттары жана каада-салттары, искусствонун түрдүү багыттары, элдик чыгармачылык, диний ишенимдер, жөрөлгөлөр ж.б. кирет.

Бүгүнкү бөлөкчө жаңы заман, өзгөргөн коом инсандын жаңы тибин талап кылып жаткандыгы шексиз. Алысты көргөн даанышмандар, көсөмдөр жана билермандар адамзат коомунун ургаалдуу, нарктуу, керек болсо кой үстүнө торгой жумурткалаган бакыбаттуу келечеги, анын ичинде кыргыз жумуриятынын жаркын болочогу, эртеңки күнү жаңы инсандын, жаңы рухтун тарбияланып, калыптанып, тарыхтын сахнасына чыгып келишине тыгыз байланышат деп болжошууда.

Чындыгында тарыхтын тажрыйбасы көрсөттү. Эгер адам баласы өзү ички туюму, рух жагынан жаңыланбаса, пенде ич жагынан кайра курулуп, пейили тазаланып, жан тирлиги жаңырып, өзүнүн ички өзөгү жагынан өркүндөп чыкпаса, шашылыш тышынан жасалган революциялар, төңкөрүштөр жана реформалар жарытылуу натыйжа бербейт экен. А түгүл биз азыр жалдырап жетпей турган дүйнө-байлык да, экономикалык-материалдык жыргалчылык да өзүнөн-өзү адамды адам кылып, апакай, аяй кылып асмандатып жибербейт тура. Мына ушундан улам бүгүнкү күндө дүйнөлүк философиялык-педагогикалык алдыңкы акыл ой инсандын ич жактан жаңыланыш, өзөгү жактан өркүндөш маселесин чындап колго алуу зарылчылыгына келип токтоп отурат.

“Манас” баштаган улуу эпос, баалуу фольклордук мурастары бар кыргыз эли XXI кылымдын дагы бир оор сыноого туш болгонун тана албайбыз. Ал сыноо руханий дүйнө менен тыгыз байланышкан. Жалпы глобалдык деңгээлде жүрүп жаткан экономикалык кризис тууралуу айтпай эле коелук. Ошол глобализациянын башка мамлекеттерге жана элдерге руханий деңгээлде тийгизип жаткан терс таасирлерине өтө терең, олуттуу көз жүгүртө турган болсок гана, азыркы абал, учурда түзүлгөн кырдаал биз өзүбүз ойлогондон да алда канча оор жана келечектеги кесепеттери менен байланышып турганын баамдай алабыз.

XX кылымдын атагы таш жарган философу Эрих Фромм мындай деп жазат: «Эгерде жаңы турмушту куруу процессинде жаңы адам калыптанса гана, башкача айтканда, азыркы адамдын мүнөзүнүн, рухунун структурасында фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп өтсө гана жаңы коом курулушу мүмкүн» [17].

Ошол дүйнө, коом көздөп, мүдөө кылып турган жаңы инсандын башаты кай жактан башталат, ал каерде түптөлөт, адегенде кайсы уядан талпынып учуп чыгат, кимдин колунда тапталат? Албетте, жаңы рух**, жаңы ыйман-пейил, жаңы билими үй-бүлө, мектеп, мектеп жашына чейинки билим деген алтын уяда «каймактайт», «мугалим» деген ыйык ысымдуу улуу адамдын колунда көз жарат, төрөлөт.**

«Замана деген ушундай, таптаганга жараша түшүм берет кызылдай, тарбияңа жараша, уулуң болот замана» [12.45].

Рухий баалуулуктар денелик, эмоциялык жактан пайда алып келет. Озон катмары жердеги тирүү жандын бардыгын күндүн зыяндуу нурларынан коргоп тургандай эле, адеп-ахлактын бийик нормаларына кармануу бизди дүнүйөкорлуктун зыяндуу кесепеттеринен сактайт. Рухий баалуулуктар башкалар менен жакшы мамиледе болууга да өбөлгө түзөт. Чыныгы досторуңар силерди байлык-мүлкүңөр үчүн эмес, сапаттарыңар үчүн баалайт. Ыйык китепте “Акылдуу адамдардын арасында дайыма болгон адам акылдуу болот”- деп айтылат [13.20]. Андан сырткары, үй-бүлөдөгү бакыт материалдык нерселерден эмес, акылмандык, руханий жан дүйнөнүн азыгы менен сүйүүдөн көз каранды.

Азыркы таптагы экономикалык көйгөйлүү маселелердин фонунда айтылып – айтылбай, жетишерлик көңүл бөлүнбөй келе жаткан бир орчундуу маселе – коомубуздагы

руханий кризис деп айтууга болот. Анын келечекте тийгизе турган кесепети – экономикалык кризистен алда канча коркунучтуу болуп, бир нече муундарды жоготуп алуу менен коштолушу да мүмкүн. “Ачынган курсак тоюнат, жыртылган кийим бүтүлөт, а бирок – көңүл жарасы такыр айыкпайт” деп элибиз эзелтен бери бекеринен айтып келе жаткан жери жок да?!

Ошону менен катар, азыркы глобалдашуу учурунда бүтүндөй коомдогу терең кризисти жана ал аз келгенсип коомдо рухий баалуулуктардын жоктугун констатациялай алабыз.

Руханий-адептик, патриоттук тарбиялоо – бул “жүрүм-турум адаттарын жана көндүмдөрүн, адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу процесси” [771].

Өзгөчө жаштар арасындагы рухий жөндөмсүздүктүн жана маданияттын төмөндүгүнүн мүнөздүү көрүнүштөрүнүн бири болуп, биздин элдин жана анын каарман тарыхынын маанилүү баалуулугу катарында эсептелген мекенчилдиктин орду менен маанисинин кескин түшүп кетиши саналат. Кайра куруу жылдарына чейин тарбия берүүнүн бүткүл системасында мактоого алынып келген мурдагы идеологиялык таяныч жоготулгандан кийин, жаштардын олуттуу бөлүгү үчүн дүйнө көз карашындагы адеп-ахлагындагы багыттардын белгисиздиги жана бүдөмүктүгү, баалуулуктардын так системасынын жоктугу мүнөздүү. Бийик мекенчил идея жана мамлекеттүүлүк идеясы биздин коомдун руханий жактан жетиктигин кура ала турган бекем түркүк жана негиз болуп берери барган сайын ачык боло баштады.

Мен ушул макалада өзүм окуп, билим алган, учурда иштеп жаткан Ош мамлекеттик университети жөнүндө айта кетпесем болбос. Себеби, Ош мамлекеттик университети – руханий, маданий, илимий дөөлөт сакталып келе жаткан тарыхый очок.

Ош мамлекеттик университети өзүнүн миссиясына ылайык адамзаттын руханий баалуулуктарын сактоо жана байытуу үчүн фундаменталдык илимий изилдөөлөрдүн жана инновациялык ыкмалардын негизинде коомдун интеллектуалдык элитасын даярдоону камсыз кылуучу алдыңкы билимди жана маалыматты алууга жана таркатууга багыт алган классикалык университет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 30-августунда чыгарган Жарлыгына ылайык, Кыргызстандын социалдык-экономикалык, руханий жана интеллектуалдык потенциялын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн - Ош мамлекеттик университети “Даңк” ордени менен сыйланды [6]. Бул университеттин жалпы жамаатынын акыркы жылдардагы жаратмандык эмгегине, жаңы технологияларды жана инфраструктураны өркүндөтүүгө, билимдин сапатын көтөрүүгө, мыкты адистерди даярдоого кошкон салымы үчүн мамлекет тарабынан берилген татыктуу баа болду.

Түндөн кийин күн, кыштан кийин жаз келет. Эч үмүтүбүздү үзбөй, бир тууганча ак эмгекке бет алуу менен руханий маданиятыбызды сактап калуу - биздин милдетибиз. Ар бир атуул көкүрөккө төңкөрүш жасай турган убакыт келди. Намысыбызды сактап, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, эмгектин гүлүн терүүгө чакырам. Эртеңкибизди бүгүн жазабыз.

Адабияттар:

1. Мураталиев Б.А., Мамбетова З.Ж., Султангазиева Р.К. - Менин жерим - Кыргызстан, Энциклопедия - Б.,2013-ж.

2. Фромм Э. Иметь или быть - М., 1990-г.

3. ОшМУ “Дидактика” журналы - 2018-ж.

4. Орузбаева Б. О. Кыргыз Совет Энциклопедиясы - Фрунзе 1980-ж.

5. Аракин Е.А. Родителям о воспитании.-М., 1957-ж.

6. ОшМУ Жарчысы, атайын чыгарылыш - 2017-ж.

7. Ушинский К.Д. «О народности в общественном воспитании»-Л.,1956-г.